

WFP
World Food Programme

SAVING LIVES
CHANGING LIVES

# 2024-жылга карата азык-түлүк коопсуздугу боюнча баяндоо

## Кыргыз Республикасы

*Бул баяндама 2024-жылга карата БУУ ДАТПнын азык-түлүк коопсуздугу жана натыйжаларга көзөмөлдөө жүргүзүү сурамжылоосунун негизги корутундуларын чагылдырат, бул БУУ ДАТПнын жыл сайын өткөрүлүүчү эң маанилүү изилдөө демилгеси жана Кыргыз Республикасындагы азык-түлүк коопсуздугунун ар түрдүү аспектилерин камтыйт.*

### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Бул сурамжылоо **БУУ ДАТП тарабынан түздөн-түз жардам алган үй-бүлөлөрдүн азык-түлүк коопсуздугундагы кыска жана узак мөөнөттүү өзгөрүүлөрдү** баалоого мүмкүнчүлүк берет. Бул өзгөрүүлөр социалдык коргоо системаларын жана табигый кырсыктарды башкарууну жакшыртуу максатында БУУ ДАТПнын колдоосу менен ишке ашкан долбоорлордун таасиринен көз каранды. Ошондой эле үй-бүлөлөрдүн экономикалык алсыздыгын жана алардын азык-түлүк коопсуздугу жана климаттын өзгөрүшү менен байланышкан көйгөйлөр менен күрөшүү жөндөмдүүлүгүн баалайт. Бул баяндама 2024-жылдын декабрь айында БУУ ДАТПнын долбоорлору ишке ашырылган аймактарында жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарына негизделген. Изилдөөдө үй-бүлөлөрдү сурамжылоо жана фокус-топтортордогу талкуулоолордон алынган баштапкы маалыматтары колдонулган. **АТКНК - бул долбоордун катышуучуларынан жана долбоорго катышпаган кишилерден эки тараптуу маалымат топтоо ыкмасы. Бул ыкма долбоордун колдоого алынган жамааттарга тийгизген таасирин так салыштырууга мүмкүндүк берет.**

**Азык-түлүк коопсуздугунун натыйжаларын көзөмөлдөө (АТКНК):**

- БУУ ДАТПНнын 2023-2027 жылдарга карата улуттук стратегиялык планынын күтүлгөн натыйжаларына жетишүүдөгү прогрессин жыл сайын азык-түлүк коопсуздугу, климаттын өзгөрүүсүнө туруктуулук жана инклюзивдүүлүк көрсөткүчтөрүнүн негизинде баалайт.
- Азык-түлүк коопсуздугунун тенденциялары жана эрте эскертүү сигналдары жөнүндө маалымат берүү, алдын ала жардамга муктаж аймактарды аныктоого жана өз убагында аракеттерди жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.
- 20 көрсөткүч жана индексти, 100дөн ашык өзгөрмөлөрдү колдонуп, жыныс жана жашы боюнча бөлүп, эсептөөгө мүмкүндүк берет.

### Тандоо критерийлери

Долбоордун катышуучулары социалдык коргоо боюнча мамлекеттик кызматтар менен макулдашуу аркылуу тандалып алынат, мында:

- Жакырчылыктын чегинен төмөн жашаган үй-бүлөлөр (ҮБ)/ жакыр жашап, мамлекеттик жөлөкпул алуучулар (үй-бүлөгө көмөк);
- Жалгыз бой ата же эне башчы болгон үй-бүлөлөр;
- Майыптыгы бар мүчөлүү үй-бүлөлөр;
- Жумушсуз (расмий катталган) жарандар.

### Тандоо

**Жалпы тандоо**

**1497**



44% 56%

**Модалдуулук боюнча тандоо**

- **18% Акчалай жардам**
- **18% Эмгек үчүн азык-түлүк жардамы**
- **18% Окутуу үчүн азык-түлүк жардам**
- **18% климаттык камсыздандыруу**
- **27% Долбоорго катышпагандар**
- **25 фокус-топтордо 300дөн ашык аялдар жана эркектер**

## Жашоо-тиричиликти камсыздоо стратегиялары




**Азык-түлүк коопсуздугу жакшырып**, үй-бүлөлөр кризис жана өзгөчө кырдаалдан чыгуу стратегияларына азыраак таянууда, бирок стресс менен күрөшүү стратегияларынын үлүшү жогору бойдон калууда. ДАТПнын долбоорлорунун катышуучуларынын арасында эң көп колдонулган ыкмалар - **26%** карыз акчаны алуу, **24%** чогулган акчасын колдонуу, **24%** үй-бүлөлүк резервдерди түгөтүү. Тиричилик стратегиялары — бул үй-бүлөлөрдүн азык-түлүк же каржылык тартыштыктарга каршы колдонгон стратегиялары. **Стресс** стратегиялары келечектеги туруктуулукту алсыратат, **кризистик** стратегиялар өндүрүштүүлүктү төмөндөтөт, ал эми **өзгөчө чаралар** — эң катуулар — үй-бүлөлөрдүн туруктуулугун дагы да көбүрөөк начарлатат.




Кыйынчылыктарды женүү стратегияларын колдонууда аймактар арасында айырмачылыктар бар. Нарында долбоорго катышкан үй-бүлөлөрдүн **73% мындай стратегияларга кайрылбайт.** Баткен **(27%)** жана Чүй **(29%)** областарында көпчүлүк үй-бүлөлөр стресс стратегияларын колдонушат. Кризистик стратегия Талас **(37%)** жана Жалал-Абад **(37%)**, ал эми өзгөчө кырдаалдар боюнча стратегия Баткен **(18%)** областарында кеңири таралган. **Мамлекеттик социалдык жөлөкпул алган үй-бүлөлөр** түрдүү стратегияларын колдонушкан (стресс - **22%**, кризис - **20%**, өзгөчө кырдаал - **22%**)


## Азык-түлүк керектөө баллы




**Азык-түлүк керектөө баллы (FCS) азык-түлүк коопсуздугунун олуттуу жакшыргандыгын көрсөтөт.** «Алгылыктуу» категориясындагы үй-бүлөлөрдүн үлүшү аялдар үчүн **84%**дан **91%**га жана эркектер үчүн **89%**дан **91%**га чейин көбөйгөн. "Начар" жана "Аралыктагы" категориялары азайды.

## Активдердин пайда индекси

**Активдердин Пайда Индекси (АПИ)- к**оомчулуктун мүчөлөрү БУУ ДАТПнын колдоосу менен **курулган же калыбына келтирилген активдерден көбүрөөк пайда** алып жатканын кабарлашкан, алардын **83%**ы **өндүрүштүн жакшыргандыгын** көрүп, **87%**ы **кыйынчылыктардын азайганын** жана **87%**ы **кызматтардын жеткиликтүүлүгүн** жакшырткан.





*"Айыл чарбасы стабилдүү болуп калды, чөп жакшы өсүп, мал кышка карата тоют менен камсыз болду» (Нарын, ФТТ)*

Ошондой эле БУУ ДАТПнын иш-чаралары туруктуу өнүгүүгө өбөлгө түзөт, респонденттердин **83%** активдерди тейлөө боюнча окутууларга катышкан.


## Климаттын өзгөрүүсүнө туруктуулук

Климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу өтө маанилүү, анткени экстремалдуу аба ырайы үй-бүлөлөрдүн коопсуздугуна жана бакубаттуулугуна коркунуч туудуруп, калыбына келтирүүгө кеткен чыгымдар жана азык-түлүккө болгон баалар үй-бүлөлүк бюджетти кыйындатат. БУУ ДАТПнын мүмкүнчүлүктөрдү жогорулатуу, климаттык камсыздандыруу жана эмгек үчүн акчалай жардам негизинде активдерди түзүү долбоорлору аярлуу үй-бүлөлөргө суунун жеткиликтүүлүгүн камсыздоого, түшүмдүүлүктү жогорулатууга жана жоготууларды азайтууга жардам берип, алардын **климаттык таасирлерге ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгүнүн бекемделишин туруктуулук көрсөткүчтөрү** аркылуу аныктайт.

Климатка ылайыкташуунун пайдасынын баллы




Климаттык туруктуулукка болгон кубаттуулугунун баллы





БУУ ДАТПнын программалары жалпысынан **жер кыртышын жакшыртууга, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүнө жана суунун жеткиликтүүлүгүнө оң таасирин тийгизд/** Бирок, түшүмдүн жоготуулары жана малдын чыгашасы сыяктуу кыйынчылыктар бар. Катышуучуларынын көпчүлүгү долбоорлордун айыл чарбасына пайда алып келгенин белгилешти, бул иш-чаранын натыйжалуулугун тастыктайт.

**Долбоорлорго катышкан жарандар катышпагандарга салыштырмалуу өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, айрыкча ыңгайлашуу багытында, бир аз төмөн баалашат**. Катышпаган жарандар көпчүлүк көрсөткүчтөр боюнча жогору натыйжаларды көрсөтүүп, өздөрүн климаттык өзгөрүүлөргө туруктуураак деп эсептешет.


## Экологиялык пайда индекси (ЭПИ)

Айылдык жамаатларда үй-бүлөлөр суу ташкындарына, кургакчылыкка, бороон-чапкындарга жана катаал кыштарга чыдап, жашоо үчүн туруктуулукту талап кылат. 2024-жылы суу ташкындары эң олуттуу климаттык сокку болду. БУУ ДАТП долбоорлорунун катышуучуларынын 40,1%ы селдерден катуу жабыркагандыгын жана 34,7%ы орточо жабыр тартканын билдиришкен. БУУ ДАТПнын активдерди түзүү демилгелери аркылуу коомчулуктар туруктуулукту бекемдөө менен бирге экологияны жакшыртууга салым кошуп, туруктуу келечекке жол ачып жатышат.




**Экологиялык пайданын индекси** (ЭПИ) калыбына келтирилген жана жаңыдан курулган объектилердин таасири аркылуу экологиялык өзгөрүүлөрдү коомчулуктун кандай деңгээлде кабыл аларын чагылдырат. БУУ ДАТПнын долбоорлоруна катышкан үй-бүлөлөр үчүн бул таасири жогору; алардын ЭПИси 51% көрсөтүп, катышпагандарга (49%) караганда жогору турат. Бул 2023-жылга салыштырмалуу 12 пайызга (39%) көбөйгөн, бул туруктуу экологиялык практикалардын өсүп жатканын айгинелейт.

***"Бак-дарактарды тоонун бооруна жана каналдарга отургузуу топуракты бекем кармап, эрозиянын алдын алат." (Талас, ФТТ, 2024)***



## Каржы багыттары

**12%** үй-бүлөлөр өндүрүштүк максатта насыя алган.

- ***Эркектер өндүрүштүк максаттар үчүн насыяларды көбүрөөк алышат (65%),*** *бул алардын ишкердик же айыл чарба ишмердүүлүгүндөгү үстөмдүк абалына байланыштуу болушу мүмкүн.*
- ***Аялдар мындай насыяларды өндүрүштүк максаттар үчүн азыраак алышат (39%),*** *бул социалдык же экономикалык тоскоолдуктар менен түшүндүрүлөт (мисалы, каржылык кызматтарга жеткиликтүүлүктүн кыйынчылыгы, менчик укуктарын чектөө, өндүрүштүк ишмердүүлүккө азыраак катышуу).*




## Инвестициялык потенциалдын индекси


**БУУ ДАТПнын долбоорлору ишке ашырылган аймактардын калкынын ресурстарды топтоо мүмкүнчүлүгү чектелген.** Сурамжылоо учурунда катышуучулардын 35% гана акча топтогон.

БУУ ДАТП инвестициялык потенциалдын индексин (ИПИ) жыл сайын экономикалык алсыздыкка, климаттын өзгөрмөлүүлүгүнө жана экстремалдык аба ырайынын таасирине туруштук берүү үчүн максаттуу үй-бүлөлөрдүн каржылык мүмкүнчүлүктөрүн баалоо үчүн колдонот.

2024-жылга карата жыйынтыктар долбоор катышуучуларынын инвестициялык мүмкүнчүлүктөрүн көрсөттү: үй-бүлөлөрдүн **орточо чогулткан акчасы - 450 доллар**, **насыянын орточо көлөмү - 1140 доллар** жана камсыздандыруу төлөмдөрү - 39 доллар. Ошентип, 2024-жылы долбоорлордун катышуучулары үчүн жалпы орточо инвестициалык потенциалдын индекси **542 долларды** түздү.

Үй-бүлөлөрдүн **17%** микрокаржылык уюмдардан насыя алган. Бул көрсөткүч банктардыкынан кыйла төмөн болгону менен, микрокаржылоонун маанилүү ролун көрсөтүп турат, өзгөчө банктык насыя алуу мүмкүнчүлүгү чектелген учурларда. Сурамжылоого катышкан үй-бүлөлөрдүн жарымынан көбү аманаттарын үйдө сакташат. Бул официалдуу каржылык кызматтардын жеткиликтүүлүгүнүн чектелгендигин, каржылык сабаттуулуктун төмөн деңгээлин же аманаттарды жеткиликтүү ыкмалары менен сактоону көрсөтүшү мүмкүн. Ошол эле учурда үй-бүлөлөрдүн **40%** аманаттарын банктарда сактайт.

***"Акчаны кантип колдонгонду билбегендер бар, акчаларын коротуп коюшуп, анан кайра жетпейт деп чыгышат". (Нарын, аялдар, ФГД)***




## Окутуулардын натыйжасында киреше алуу иш чаралар (EIG) менен алектенүү

**БУУ ДАТПнын окутуулары**, айрыкча аялдар үчүн **жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүн** кеңейтти. Аялдардын **35%** жана эркектердин **23%** киреше алып келүүчү иш менен алектенет; Аялдардын **9%** жана эркектердин **7%** үйдөн тышкары жумушка орношкон, ал эми аялдардын **5%** туруктуу жумуш менен камсыз болгон, салыштырмалуу эркектер иш менен камсыз боло алган эмес. Ошондой эле аялдардын **7%** жана эркектердин **6%** өздөрүнүн киреше алып келүүчү ишмердүүлүгүн баштап, долбоорлордун өзгөчө аялдар үчүн экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү өнүктүрүүдөгү ролун баса белгилешти.

***«Долбоордон азык-түлүк алгандан кийин үнөмдөлгөн акчаны сарайдын калыбына келтирүү үчүн жумшоого мүмкүн болду» (Ош, ФТТ)***

**Тагыраак маалымат үчүн:**

**Изилдөө, баалоо жана мониторинг бөлүмү**
Кыргыз Республикасындагы Дүйнөлүк азык-түлүк программасы ДАТП

CO.KYR.RAM@wfp.org

**Веб-сайт:** wfp.org/countries/kyrgyz-republic
**Башка:** hungermap.wfp.org/

**Photo Credits:**
© WFP